УДК 37014543

Жолдошев Б.Р., Зикираев.М.Т
Доцент ОшТУ,ага окутуучу ОшТУ
Dzholdoshev B.R, Zikiraev.M.T
Associate Prof.OshSU, senior teacher OshTU

КЫРГЫЗСТАНДАГЫ КОЛДОНУЛГАН АКЧАЛАРДЫН ТАРЫХЫЙ ӨЗГӨЧӨЛУКТӨРУ.

Бул статьяны жазуунун максаты көпчүлүк инсандар- Кыргызстандын рынок экономикасына өтүп, өз эгемендүүлүгүн алгандан тарта-өзүнүн улуттук валютасынын киргизилиши тууралу жакшы билишет. Бирок алгачкы жана орто кылымдагы түрк элдери, анын ичинде кыргыздар, кандай акчаларды колдонгондугу тууралу азыраак маалыматка ээ болушу мүмкүн. Ошондуктан ошол инсандардын кругозорун бираз да болсо кенейтет деген максатта ушул статья сунушталат.

Негизги сөздөр:рыноктук экономика, улуттук валюта, акча, келип чыгуу тарыхы.

HISTORICAL FEATURES OF THE MONEY USED IN KYRGYZSTAN.

The purpose of writing this article, most people who go to a market economy, egemendüülugün Since the introduction of the national currency, they know about. But the early and mid-century Turkic nations, including Kyrgyz, may have information about the use of less money. Therefore, the purpose of widening the scope of some of the persons proposed to this Article.

Key words: market economy, the national currency, money, history.

Кыргызстандагы колдонулган акчалардын тарыхый өзгөчөлүгүн айтаардан мурун биз сөссүз түрдө дүйнөлүк акчалардын пайда болушун, кайсыл өлкө кандай акчаларды пайдалангандыгы жөнүндө эки ооз сөз айтууга тийишпиз.

Акча качан пайда болгонун толук денгээлде белгилүү эмес. Акча жөнүндө эскерүүгө 4500 жылдан ашык убакыт өткөндүгү белгилүү. Алгач, акчанын ролун “товар-эквиваленттер” аткарган. Акчанын тарыхы – бул иш жүзүндө алганда цивилизациянын тарыхы. Адамга акча катары эмне гана кызматты өтөгөн жок: Африкада, Азияда жана Океаниеде каури үлүлдөрү, Мексикада кокос, Малазияда донуздун (чочконун) куйруктары, Каролниг аралында тегирмен таштары, Байыркы Грецияда темир зымдар жана башкалар.

Адамдар тарабынан товардык акчалар катары пайдаланылган товардык экиваленттер ар түрдүү жана көптөгөн сандарда. Алардын ичинен төмөнкүлөрдү атоого болот: мал, булгаары, тамеки, үлүл шурулары, кургатылган балык, буудай, шарап. ж.б. Байыркы орус акча бирдигинин “куна” деген аталышы, мындай товардык эквивалент катары куницанын териси пайдаланылгандыгы менен түшүндүрүлөт. Бул аталыш азыркы күнгө чейин айрым славян тилдеринде сакталып калган. Мисал, Хорватиянын акча бирдиги азыркы күнгө чейин 1 куна деп аталат.

Акчалар таш сыяктуу эле оор, була сыяктуу женил болгон. 19-кылымда Африкада куда түшүүлөрдө кичинекей темир кетмендер менен төлөмдөрдү жүргүзүшкон. Ал эми байыркы кытайлар төлөө каражаты катары бычак монеталарды беришкен. Коомдук чыгашаларды жана соттук чыгым тартууларды төлөө үчүн Тынч Океан жээктери, Ямайка аралдарынын жашоочулары тарабынан пайдаланылган темир дисктердин диаметрлери 4 метрге чейин жеткен. Кристалдашкан таза туз Эфиопияда 20-кылымдын 20-жылдарына чейин төлөө каражаты катары пайдаланган. Алар сынбаш учун камыш менен тапталган.

Кытай летопистеринде акча дегенди түшүндүргөн символ каури үлүлчосүнүн формасына ээ. Бул жон жерден келип чыккан жок, анткени каури үлүлдөрү Кытайда гана эмес, Индияда, Таиланд жана Африкада да акча каражаты катары кызмат өтөгөн, анын ичинен Африканын мамлекеттеринде алар төлөө каражаты катары XIX кылымга чейин кызмат кылган. 1948-жылга чейин нигерия

уруулары жез билериктерди (маннил) акча каражаты катары пайдаланыщкан. Кыргызстандын аймагында күмүш туяк – жамбы, төлөө каражаты катары кызмат кылса, Санта Крус аралында бул акчалар азыркы күнгө чейин колдонууда. Бирок, акырындык менен жаны – транспортабелдүү, универсалдуу орунду аз ээлеген акчаларды издөө пайда боло баштайт. Ошондон улам биринчи монеталар – алардын акча номиналын аныктаган сүрөттөрү менен темир пластиктер пайда болгон. Биринчи монеталар биздин доордун VII кылымында Лидия хандыгында (азыркы Туркиянын аймагында) даярдалган.

1661-жылы Швецариядагы Стокгольм банкы күмүш монеталарды чыгаруусун токтоткон жана Европадагы биринчи кагаз түрүндөгү акча эмиссиясын баштаган. Ар бир банкнотага түшүрүлгөн сегиз банкирдин кол тамгалары өз-өзүнчө түшүрүлгөн. Суу белгилери ошондо эле жасалма акча жасоодон коргогон. Андан сон, отуз жылдан ашыгыраак мөөнөттөн кийин кагаз жүзүндөгү акчаларды Англия банкы чыгарган. XVIII кылымдын орто ченинде көптөгөн мамлекеттерде банкноттор акча жүргүзүүнүн негизи каражаттарынан болуп калган, ал эми темир акчалар майдалоо монеталарына айланган. Франциядa кагаз түрүндөгү акчаларды кенири пайдалануну 1716-жылы Шотландиялык Джон Лоу анын аты тарыхта Джон Инфляция деп сакталып калган. Мына ошол адамдын артынан банкноттор “товар менен камсыз болбогон кагаздар” деген аттын алдында сакталып калган. Джон Лоунун банкноттордун эмиссиясы (чыгаруусу) менен Франциянын байлыгын арттырам деген оюу ишке ашпаса да, ал кагаз түрүндөгү акчаларды чыгарууга жана анын иштерине түрткү берген.

Россияда кагаз түрүндогү акчалар, Екатерина I-дин убагында, 1769-жылы чыгарыла баштаган, алар ассигнация деп аталган жана туруктуу бекитилген курска ээ мамлекеттик казына билеттери сыяктуу пайдаланылган. Андан кийин, темир акчаларга алмаштырууга мүмкүн болгон кредиттик билеттер жүгүртүүгө чыгарылган. Кагаз түрүндөгү акчаны кап-кап кылып алып жүргөн, 1920-жылдын башындагы советтик Россияны, же биринчи дүйнолүк согуштан кийинки Германияны эсептөө жетиштүү болот, ал жерде нарксыз болуп калган купюралардын түрмөгүн чаптоочу материал (обой) катары колдонушкан.

Кыргызстанда кандай тарыхый акчалар колдонулган. Кыргызстандын аймагында өздүк акча каражаттарынын пайда болуу тарыхы байыркы заманга тиешелүү жана байыркы түрк каганатынын пайда болушу менен байланыштуу. VII-VIII-кылымдарда Кыргызстанда кол өнөрчүлүк, жер иштетүү маданияты жана шаар маданиятынын өнүгүшүнө байланыштуу өзүнүн акчасын чыгаруу зарылчылыгы пайда болгон.

Биринчи жолу, акча эмиссиясы менен Түргөш каганатынын өкмөт башчылары иш алып бара башташкан. Түргөш монеталары биринчи жасалып чыгарылуусу VIII -кылымдын 30-жылдарына таандык. Негизги табылгалар Чүй өрөөнүнүн «Ак бешим» жана «Кызыл-Дарыяча» (Красноречка) шаарларында, Талас өрөөнүнүн «Тараз» шаарчасында табылган. Түрк монеталары тегерек формасында болуп ортосунда төрт бурчтуу көзөнөк фигурасы болгон. Монетанын ушул эле бетинде тегерете жазылган «Мырза түрк каганы, деньга» деген сөз болгон. Ал эми монетанын арт жагында жаанын жана жарым айдын сүрөтү тартылган. Монеталар негизинен жезден жана күмүштөн жасалган. Бул түрк монеталары менен ошол маалдагы кытай монеталарынын бир канча окшоштуктары бар. Себеби Кыргызстандын түндүк бөлүгүндө 713-748 жылдары кытайдын «Тан» династиясы өкүм сүргөн. Кыргыздардын байыркы уруулларында түштүк сибирде жашаганда эле «акча», «деньга», «тыйын» деген терминдерди колдонушкан. «Деньга» деген сөз (азыркы орустар колдонгон деньги сөзү) – бул орус сөзү эмес кытай сөзү бизче акча дегенди түшүндүрөт. «Тыйын» деген терминдин пайда болуусу төмөндөгүчө. Бардыгыбызга белгилүү болгондой байыркы кыргыздар Сибирде жашаган. Сибирде токойлор коп, ал жерде тыйын чычкандар коп жашайт. Ошол кылымдарда кыргыздар тыйын чычкандын терилери менен соода- сатык жүргүзүшкөн. Тыйын чычкан сөзүнүн чычкан сөзү калып тыйын сөзү ушул убакытка чейин колдонулуп келе жатат. Кыргызстандагы акча-товардык мамилелердин өнүгүүсүнүн бийик точкасы болуп караханид каганатынын доруна таандык. Бул учурда ар түрдүү баалуулуктагы жана сапаттагы монеталар кеңири колдонулган. Ошол учурду тарыхчылар **монета доору** деп аташкан. Бул монетанын калдыктары борбордук Тянь-Шаньда, Таразда, Барсканда (азыркы Барскоондо) табылган.

Бизге белгилүү болгондой орто кылымдарда монгол –түрк согушуна чейин орто- Азия маданияты Европа маданиятына караганда бир кыйла жогорку деңгээлде өнүккөн(кол өнөрчүлүк; дыйканчылык; мал чарбасы; сүрөт тартуу өнөрү ж. б). Азия маданияты Европа маданиятынын өнүгүүсүнүн негизин түзөт десек жаңылбаган болоор элек. Орто Азия аймагында монголдордун басып алуусунун натыйжасында Кыргызстандын маданияты, кол өнөрчүлүгү, экономикалык өнүгүүсү - бардыгы бүлүндүрүлүп, монетанын басып чыгаруусу токтогон. 15-18-кылымдарда кыргыздар чыгыш Туркистандын монеталарын колдонушкан18-19-кылымдарда Кыргызстандын аймагында жана орто Азияда Кокон хандыгынын тушунда кокон тыйындары колдонулган. 20-кылымдын башында (Совет доорунда) Орто Азия анын ичинде Кыргызстан да Россиянын акчасын пайдаланышкан. Ал эми 20-кылымдын аягында башкача айтканда 1993-жылдын 10-майында эгемендүүлүк жылдарына Кыргызстан өзүнүн улуттук валютасын «сомду» киргизишкен.

Кыргызстандын улуттук валютасын киргизүүсү жана анын өзгөчөлүктөрү. 90- жылдардын башында мурдагы союз өлкөлөрүнүн ичинде Кыргызстан да өзүнүн башынан бир канча кыйынчылыктарды өткөрдү. Кыргызстандын өзүнүн жеке акчасын киргизүүсүнүн зарылчылыгы, бир канча экономикалык жана саясий факторлорго байланыштуу. Кийинки «рубль» аймагында калуунун зарылчылыгы калбаган, себеби бардык КМШ өлкөлөрү экономикалык кризиске учурап, инфляциянын эн бийик точкасы гипер инфляцияга дуушар болушкан. Мамлекеттик ишканалар жабылып, өндүрүштүн өндүрүмдүүлүгү азайган. Элдердин жашоо деңгээли өтө төмөндөгөн. Ошондуктан, жогорудагы айтылган көйгөйлөрдүн баарын азайтуу максатында 1993-жылы 10-майда Кыргыз Республикасынын жогорку кенешинин чечими менен улуттук валюта киргизилген. Ошол учурдагы алмашуу курсу 1 сом 200 рублга, 4 сом 1 долларга барабар болгон.

“Акча” деген сөздүн алдында “акча материалдары” менен айырмачылыгы, жүгүртүү ыкмалары, пайдалануу, акча массасын эсепке алуу, акчанын бир формасынын башка бир формага айлануусунун ар түрдүүлүгүнүн бир кыйла кооптуулугу түшүндүрүлөт. Акчанын тарыхтардан мураска алып калган формасы – монетаны пайдалануу акырындык менен азаюуда. Бирок, кассалык, соода автоматтарында монеталарды пайдалануунун женилдиги алардын жашоосун, өмүрүн узартат. Монеталарды “акчалай” майдалоо түрүндө да пайдалануу женил. Ошону менен бирге, адаттагыдай эле, монеталык акчалар жалпы акча массасынын бир нече эле процентин түзөт. Борбордук банктар тарабынан жүгүртүүгө чыгарылган банкнот (банктык билет) формасындагы кагаз түрүндөгү акчалар акча жүгүртүүнүн бир кыйла чон өлчөмүн тейлешет. Кагаз акчалар жана майдалоо үчүн монеталар биригип келип, айрым учурларда накталай акча деп аталган накталай акчаны тузот. Көптөрү жөн гана кабыл алган накталай акчалар чындыгында, акчанын бир гана формасын чагылдырат, алардын альтернативасын накталай эмес акча каржаттары түзөт. “Накталай акчалар” деген түшүнүк менен бирге маниси жагынан бири-бирине жакын “символикалык акчалар” деген түшүнүк экономикалык адабияттарда сейрээк кездешет. Алмашуу, төлөө катары наркы товардын наркы наркы менен чындалат, акчанын ролун аткарган “соодалык акчаларга” караганда символикалык акчалар бул тартипти сакташпайт. Символикалык акчалар – бул, акча катары наркы жана сатып алуу жөндөмдүүлүгү аларды чыгарууга кеткен чыгымдардан, башкача айтканда чегүү, басып чыгаруудан олуттуу артып турган, ошондой эле акча белгилери даярдалган материалды сатуудан мумкун болуучу түшүүлөрдөн же болбосо аларды сувенир катары сатып өткөрүүдөн жогору турган акча каражаттарын түшүндүрөт. Алар, мамлекет аларга ушул ролду бергендиги үчүн акча катары эсептелинген. Мындай акчаларды тике макатына карата пайдаланбастан, аларды нумизматтарга – монета чогултууларга сатуу аркылуу монетада же банкноттук купюрада көрсөтүлгөн наркынан жогорку пайданы алууга болот. Накталай эмес акчаларды пайдалануунун кенири тараган формаларынан болуп акча чектери саналат. Чектерден тышкары акча каражаттары бир счеттон экинчи бир счетко которуу үчүн пайдаланылган жана алар аркылуу акча төлөөрүн жүзөгө ашырган, акчалай эсепшетүүлөрдүн спецификалык инструменттерине, акча айлантуунун тажрыйбасына жаныдан кирип келе жаткан пластик эсептешүү картталары кирет.

Акырындык менен монеталар өзүнүн функционалдык багыттарын жоготууда жана төлөө каражаты болбостон топтоо каражатына айлануда. Ошентип, акчалар бутундөй эквиваленттин ролун аткарган өзгөчө товар болуп саналат.

Тарыхый- маданий салтты жана өлкөнүн маданий мурасын чагылдыруу. Банкнота – өлкөнун “визиттик карточкасы” жана бардык тарыхый-маданий мурасты жана улуттук колоритти чагылдыруусу керек. Ошондуктан банкнотторду маданият ишкерлеринин портреттери, архитектуралык эстеликтер, жаратылыш коруктары кооздоп турат. Илимдин жана техниканын учурдагы өнүгүүсүнүн денгээли, автоматтардын кенири таркашы, анын ичинде банктык чөйрө да, банкоматтарды жана автоматтык кассирлерди пайдалануу, автоматтык кайра иштетууго жөндөмдүү банкнотторду өндурууну талап кылат. Ал учун купюрага атайын, машина окуй алган элементтер кошулат, алар автоматтарга купюранын аныктыгын гана текшерууго мүмүкүндүк бербестен, анын номиналын аныктаганга да мүмкүндүк берет. Ушунун негизинде, кайсыл болбосун банкнота – бул, мамлекеттин тарыхый, техникалык, экономикалык ар кандай маалыматтарын камтыган кадимки эле энцклопедия

Адабияттар:

1) Е.Жуков. “Денги, кредиты и банки ” М.2006г.

2) Кыргыз Республикасынын Улуттук Банкынын укуктук жана нормативдик корсотмосу. Бишкек шаары 2006жыл

3) Банковский вестник – Ежемесячный журнал г. Бишкек.2004-2008 гг.

4) НАКР- Ежемесячный журнал г. Бишкек.2004-2008 гг.